«БЕКИТЕМИН»

К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин илимий иштер боюнча проректору, филология илимдеринин доктору, профессор Мурзахмедова Г.М.

_______________

«16» апрель 2019-ж.

**Рыспаева Чолпон Курманбековнанын "Башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары" деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына жетектөөчү мекеменин**

## ПИКИРИ

**Диссертацияны талкуулоого катышкандар:**

**Мураталиева М.А.** – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, педагогика жана психология кафедрасынын башчысы; **Добаев К.Д.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор; **Чоров М.Ж.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор; **Асаналиев М.К.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор; **Асипова Н.А.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор; **Джумагулова Г.А.** – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.; **Сулайманкулова Ж.К.** – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.; **Байсубанова А.К.** – кафедранын доцентинин м.а.; **Нурмамбетова Г.К.** – кафедранын доцентинин м.а.; **Кошалиева С.Ш.** – кафедранын ага окутуучусу; **Таирова К.А.** – кафедранын ага окутуучусу; **Молдалиева С. А.** – кафедранын окутуучусу.**Бекмырзаева А.Б.** – кафедранын окутуучусу; **Базакечова Г.Э.** – педагогика жана психология кафедрасынын лаборанты.

**Изденүүчүгө төмөнкү суроолор берилди:**

**1. п.и.д., профессор Добаев К.Д. - Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу боюнча айтып берсениз?**

**Изденүүчү:**

Диссертациялык изилдөөлөрдөн алынган жыйынтыкталган жобөлор жана практикалык жолдор, илимий кеңештер, сунуштар мектеп шартында башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары апробациядан өткөрүлүп, алардын натыйжалуулугу экспериментте тастыкталды; башталгыч класстардын мугалимдери үчүн башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруу боюнча атайын ыкмалар иштелип чыкты; башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясынын калыптанышын аныктоонун диагностикалык инструментарийлери иштелип чыкты, аны башталгыч мектептин деңгээлинде жалпы билим берүүчү мекемелердин массалык практикасында колдонууга болот.

**2. п.и.к., доценттин м.а. Сулайманкулова Ж.К. – Алынган диссертациянын максатына ылайык изилдөөгө коюлган милдеттерге токтолуп өтсөңүз?**

**Изденүүчү:**

**Алынган диссертациянын максатына ылайык изилдөөгө үч *милдет* коюлган:** башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясынын мазмуну менен түзүлүшүн аныктоо; башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын эффективдүү калыптандырууга жардам берүүчү педагогикалык шарттарды аныктоо; эксперименттик иште окуу мотивациясын калыптандырууга жардам берүүчү педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгүн эксперименттик текшерүү жана жалпы билим берүүчү мектептин окуу-тарбия процессинде сабактардын ар түрдүү ыкмаларын башталгыч класстардын мугалимдери үчүн сунуш катары киргизүү.

**3. п.и.к., доценттин м.а. Джумагулова Г.А. – Диссертациянын илимий жаңылыктары жана маанилүү натыйжалары эмнеде?**

**Изденүүчү:**

Диссертациянын алдына коюлган милдеттерди чечүү аракетинде жүргүзүлгөн теориялык жана эмпирикалык изилдөөлөрүнүн негизинде жаңы төмөндөгүдөй илимий жаңылыктар жана маанилүү натыйжалардын алынгандыгын белгиленген: биринчи натыйжада терең изилдөөлөрдүн негизинде изденүүчү инсанга багытталган ишмердик мамилелердин жыйындысы башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивацияларынын мүнөздөмөлөрүн баяндоо үчүн негиз болуп чыгат деп белгилеп келип, бул үчүн негизги концептуалдык жоболорго таянганбыз; экинчи натыйжада изденүүчү окуу мотивациясынын калыптанышынын абдан эффективдүү жүрүшүн камсыз кылган жана билим берүү процессинде аң-сезимдүү түзүлгөн педагогикалык шарттар аныкталган; үчүнчү натыйжада изденүүчү теория-методологиялык жана эксперименталдык изилдөөлөрүнүн негизинде окуучулардын окуу мотивациясын активдештирүүнүн методдорунун системасын жана башталгыч класстардын мугалимдери үчүн окуу мотивациясын калыптандыруу боюнча атайын ыкмалардын жыйындысын иштелип чыккан.

**I. Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Изденүүчү башталгыч класстын окуучуларын окутууга, алардын билим алуусун жогорулатууга, окуу мотивациясын калыптандырууга байланыштуу жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү, жалпы педагогиканын теориялык жана методикалык маселелерине арналган илимий эмгектерди, адабияттарды окуп талдап чыгуу менен, практикада орун алып келе жаткан карама-каршылыктарды жоюуу максатында өзүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн актуалдуулугун туура аныктай алган. Чолпон Курманбековна Рыспаеванын “Башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары”– деген

темадагы кандидаттык диссертациясында башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясынын мазмунун, түзүлүшүн жана аны калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоого байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Теориялык-методологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгын анализдөө жана жалпылоонун натыйжасында башталгыч класстын окуучусунун окуу мотивациясынын *мазмуну жана түзүлүшү* аныкталып ал мотивдердин, түзүмдүк компоненттери катары эсептелген керектөөлөрдүн жана максаттардын жыйындысы катары көрсөтүлгөн.

**II. Изилдөөнүн *максаты* катары** башталгыч класстын окуучуларында окуу мотивациясын эффективдүү калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын теориялык-педагогикалык негиздерин аныктоого алынган, ал эми изилдөөнүн *объектиси* катары башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясынын калыптанышы белгиленген.

**.III. Алынган диссертациянын максатына ылайык изилдөөгө үч *милдет* коюлган:** башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясынын мазмуну менен түзүлүшүн аныктоо; башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын эффективдүү калыптандырууга жардам берүүчү педагогикалык шарттарды аныктоо; эксперименттик иште окуу мотивациясын калыптандырууга жардам берүүчү педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгүн эксперименттик текшерүү жана жалпы билим берүүчү мектептин окуу – тарбия процессинде сабактардын ар түрдүү ыкмаларын башталгыч класстардын мугалимдери үчүн сунуш катары киргизүү.

**IV. Диссертациянын илимий натыйжалары:** Изденүүчү диссертациянын алдына коюлган милдеттерди чечүү аракетинде жүргүзүлгөн теориялык жана эмпирикалык изилдөөлөрүнүн негизинде жаңы төмөндөгүдөй илимий жаңылыктар жана маанилүү натыйжалардын алынгандыгын белгиленген: биринчи натыйжада терең изилдөөлөрдүн

негизинде изденүүчү инсанга багытталган ишмердик мамилелердин жыйындысы башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивацияларынын мүнөздөмөлөрүн баяндоо үчүн негиз болуп чыгат деп белгилеп келип, бул үчүн негизги концептуалдык жоболорго таянган: ишмердүүлүктүн жана өнүгүүнүн субъектиси, максаты катары окуучунун инсандыгына ориентациясы; ар бир баланын уникалдуулугун таануу; чыгармачылык өзүн-өзү аныктоо жана өзүн-өзү көрсөтүү үчүн шарттарды түзүү; окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн жана субъектилик тажрыйбасын билим берүү процессинде эске алуу болот деп аныктаган.; экинчи натыйжада изденүүчү окуу мотивациясынын калыптанышынын абдан эффективдүү жүрүшүн камсыз кылган жана билим берүү процессинде аң-сезимдүү түзүлгөн педагогикалык шарттар болуп: окуу мотивацияларын калыптандырууга башталгыч класстардын мугалимдерин педагогикалык жана методологиялык жактан даярдоо; үй-бүлөө институтун тартуу; таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктү активдештирүү; өнүктүрүүчү оюндар менен көнүгүүлөрдү пайдалануу; сыйлоо окуу-таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктүн фактору болуп эсептелип белгилеген; үчүнчү натыйжада изденүүчү теория-методологиялык жана эксперименталдык изилдөөлөрүнүн негизинде окуучулардын окуу мотивациясын активдештирүүнүн методдорунун системасын жана башталгыч класстардын мугалимдери үчүн окуу мотивациясын калыптандыруу боюнча атайын ыкмалардын жыйындысын иштеп чыккан.

**V. Изилдөөнүн ички биримдиги, тиешелүү актуалдуу проблемалардын, теориялык жана практикалык милдеттердин чечилиши жана жыйынтыктардын багыты.** Изденүүчү Рыспаева Ч.К.“Башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары” аттуу кандидаттык диссертациясынын илимий практикалык корутундулары, жоболору жана жыйынтыктары негизинен жалпы билим берүүчү мектептеринде билим алып жаткан башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын

калыптандырууга байланыштуу актуалдуу проблеманы чечүүгө жана эффективдүү педагогикалык шарттарды иштеп чыгууга арналган. Изилдөөдөн алынган корутундулар жана жоболор көптөгөн илимий адабияттарды, республикада жана коңшу мамлекеттерде аткарылган теңдеш темадагы илимий жыйынтыктарды жана өзүнүн теориялык, методикалык, практикалык жана эксперименталдык изилдөөлөрүнүн материалдарын талдоолорунун жана жалпылаштыруусунун негизинде түзүлгөн.

**VI. Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.** Диссертанттын изилдөөлөрүнөн алынып жыйынтыкталган жоболор жана практикалык жолдор, илимий кеңештер, сунуштар мектеп шартында башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары апробациядан өткөрүлүп, алардын натыйжалуулугу экспериментте тастыкталды; башталгыч класстардын мугалимдери үчүн башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруу боюнча атайын ыкмалар иштелип чыкты; башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясынын калыптанышын аныктоонун диагностикалык инструментарийлери иштелип чыкты, аны башталгыч мектептин деңгээлинде жалпы билим берүүчү мекемелердин массалык практикасында колдонууга болот.

**VII.** Илимий иштин негизги мазмуну 15 илимий макалада (3 макала чет өлкөдө) чагылдырылган. Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо изилдөөнүн бардык мезгилдеринде ишке ашырылды. Изилдөөнүн кезектеги жыйынтыктары И. Арабаев атындагы КМУнун «Педагогика» кафедрасынын отурумдарында угулуп, талкууланып, толуктоолор киргизилип турду. Иштин негизги теориялык жана практикалык жоболору илимий макалаларда, докладдарда чагылдырылды.

**VIII. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү Ч.К. Рыспаеванын «Башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык

шарттары» деген илимий эмгегинин авторефератынын мазмуну менен диссертациясынын мазмуну, аларда келтирилген илимий жыйынтыктары жана корутундулары бир-бирине дал келет. Авторефераттын мазмуну, айрым кемчиликтерин албаганда, негизинен жетишерлик талаптарда жана деңгээлде диссертациянын кол жазмасынын алкагында даярдалган.

**IX. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштөр:**

**1.** Изилдөөнүн илимий жаңылыгыкатары изденүүчү: "Башталгыч класстын окуучусунун окуу мотивациясынын *мазмуну жана түзүлүшү* аныкталды ал мотивдердин, түзүмдүк компоненттери катары эсептелген керектөөлөрдүн жана максаттардын жыйындысы" – деп белгилейт. Бул изденүүчүнүн жасаган ачылышыбы же буга чейинки классик-окумуштуулардын изилдөөсүнө таянуу менен берилген жыйынтыкпы деген суроо туулат.

**2.** Диссертациялык иште жана авторефератта изденүүчүнүн башталгыч класстардын окуучуларынын окуу мотивациясынын деңгээлин аныктоодо педагогика илиминде белгилүү болгон илимий-изилдөө учурунда колдонгон методдорду атап өтүп, аларга анализ берип, кайра таблица түрүндө бергендигинин зарылчылыгы бар беле?

3. Эксперименталдык иш окуу мотивацияларын калыптандыруунун көрсөтүлгөн педагогикалык шарттарын пландуу киргизүүгө, аларды апробациялоого жана айтылган максаттар менен милдеттерди ишке ашыруудагы анын ийгиликтүүлүгүн далилдөөгө мүмкүндүк бергендиги ачык көрсөтүлсө жакшы болмок.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, диссертациянын жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасирин тийгизе албайт.

**X. Диссертациялык ишти жалпы жонунан баалоо:** жогорудагы далилдерди эске алып, бул диссертациялык иштин илимий жаңылыгы жыйынтыкталган, актуалдуулугу тастыкталган, практикалык баалуулугу

менен айырмаланган, педагогика илими үчүн маанилүү эмгек деп атасак болот:

1. Изденүүчү Ч.К. Рыспаеванын «Башталгыч класстын окуучуларынын окуу мотивациясын калыптандыруунун педагогикалык шарттары» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин “Педагогика жана психология” кафедрасында талкууланып жактырылды.

2. Диссертациялык иш 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча коргоо үчүн КР ЖАКтын 10 пунктунун талаптарына ылайык келет жана Ч.К. Рыспаева педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептейбиз.

Диссертациялык иш кафедранын окуутучу-профессорлорунун катышуусу менен талкууланды (Токтом №8, 13-апрель, 2019-ж.).

**Диссертацияны талкуулоого катышкандар:**

**Мураталиева М.А.** – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, педагогика жана психология кафедрасынын башчысы; **Добаев К.Д.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор; **Чоров М.Ж.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор; **Асаналиев М.К.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор; **Джумагулова Г.А.** – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.; **Сулайманкулова Ж.К.** – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.; **Байсубанова А.К.** – кафедранын доцентинин м.а.; **Нурмамбетова Г.К.** – кафедранын доцентинин м.а.; **Кошалиева С.Ш.** – кафедранын ага окутуучусу; Таирова К.А. – кафедранын ага окутуучусу; **Молдалиева С. А.** – кафедранын окутуучусу;

**Бекмырзаева А.Б.** – кафедранын окутуучусу; **Базакечова Г.Э.** – педагогика жана психология кафедрасынын лаборанты.

**Педагогика жана психология**
**кафедрасынын башчысы,**
**педагогика илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **Мураталиева М.А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**Секретарь: кафедранын лаборанты** **Базакечова Г.Э**

КОЛУ ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШКАРМАСЫ
НАЧАЛЬНИК ОТДЕЛА КАДРОВ
…… 26.04 2019 199 ж.